

**Тарых жана маданият. Бири-бирине тутумдаш, тамырлаш, өзөктөш, синтездешкен түшүнүк. Ал улуттун, элдин бүткүл жашоо образын, басып өткөн жолун, үрп-адатын, каада-салтын, маданиятын өз алкагына катып, канына сиңирип турат. Ошону менен катар жер тамырынан сызылып чыккан мөлтүр кашка булактай тунук асыл-дөөлөттөрүн, баа жеткис баалуулуктарын, таржымалын даңазалап келет. Мындай түбү тектүү, улуу кептүү, актуалдуу маселени жаш муундардын жүрөгүнө уялатууда, сезимине сыйдырууда, жан дүйнөсүнө калыптоодо, аң-сезимине жеткирүүдө мугалимдин чыгармачылык чыйралуусуна, интеллектуалдык чыңдалуусуна мезгил үнү өз коңгуроосун кагып турат.**

**Абдулазис АЛЫКУЛОВ, Чүй облусунун Кара-Балта шаарындагы «Жайыл-Баатыр» атындагы №12 орто мектебинин директору, КРнын Билим берүүсүнүн отличниги:**

# «ТАРЫХЫ ТЕРЕҢ, МАДАНИЯТЫ КЕНЕН ЭЛБИЗ»

## Эл тарыхын эр таанытат

«… Барактар ушул – эмгегим, дилим,
Түшүнгөн жанга – булагы билим»
(Жусуп Баласагын)

Кара-Балта шаарындагы «Жайыл-Баатыр» атындагы окутуу мамлекеттик тилде жүргүзүлгөн №12 орто мектеп 1993-жылы алгачкы коңгуроосун каккан. Т.а. шаардагы окутуу толук кандуу кыргыз тилиндеги мектептердин «аксакалы». Элибиз башынан кечирген эгемендүүлүктүн 25 жылдыгында кандай руханий жактан кайра жаралуулар калыптанса, 23 жыл ичинде мектеп да өз бутуна туруп билим сапаты, материалдык-техникалык базасы боюнча өзгөлөрдөн суурулуп чыгып, өзгөчөлөнүп турат. Көп кабаттуу, бардык шарттары талаптагыдай «билим бешигинин» жамааты 2016-жыл – Тарых жана маданият жылында аткарыла турган иш-чараларды так, таамай белгилешип, демилгечил-уюштуруучу курамдарын түзүшүп, алгачкы кадамдарын арымдуу ташташууда.

Маселен; учурда «Ар бир улуттун маданияты» деген темада класстар аралык карообсынактар өткөрүлүп, «Манас» эпосунан келип чыккан «Улут аралык ынтымак, достук жана кызматташтык» осуятын бир түйүнгө түйөт.

Ал эми райондук маданият үйүндө улуттук-боштондук күрөштүн 100 жылдыгына карата К. Баялиновдун «Ажар» повестинин негизинде сахналаштырылып, театрлаштырылган спектакли көрүүчүлөрдүн купулуна толгонунун өзү балдарга билим, тарбия берүүнүн деңгээлин ачыктап турат.

- Жусуп Баласагындын 1000 жылдыгына «Кут алчу билим» - уникалдуу чыгарма»;

- Тайлак Баатырдын 220 жылдыгына карата «Кыргыз элинин ичинен чыккан Тайлак баатыр кыргыз эли үчүн баатырлар доорунун акыркы могикандарынан болуп эсептелет» ж.б. темаларда класстык сааттар, диспуттар сүрөт көргөзмөлөрү пландаштырылган.

Албетте, эгемендүүлүктүн 25, улуттук-боштондук күрөштүн 100 ж.б. даңазалуу даталуу жылдар боюнча иштиктүү иш аракеттер өткөрүлмөкчү. Президент А. Атамбаевдин «2016-жылды Тарых жана маданият жылы деп жарыялоо жөнүндөгү» Жарлыгында баса белгилегендей «…Экономикалык өсүштүн динамикасы жарандардын интеллектуалдык жана руханий дараметине тыгыз байланышкан». Демек, өлкөбүздүн ар тараптан өнүгүшү руханий жана маданий чөйрөнүн өр алышына көз каранды болот эмеспи. Мындай асыл сапаттарды келечек муундарга окуу-тарбиялоо мекемелери гана калыптайт.

- Үстүбүздөгү 2016-жыл өзгөчө касиеттүү, даңктуу. Себеби, ар бир өткөрүлө турган иш-чара кайталангыс өзгөчөлүктөргө ээ. Ошондуктан жаш муундарга таасирдүү болушу үчүн белгилүү инсандар, тарыхый окуялар, маданий баалуулуктар багытында окуучулардын жаш өзгөчөлүгүн эске алуу менен түстүү чакан китепчелер жарык көрсө;

- Мектеп менен ата-энелердин байланышын, байкоосун бекемдеген күндөлүктөрдүн беттерине тарых жана маданият жылына негизделген сүрөттөр чагылдырылса;

- Атайын рубрика менен ММКда чагылдырылып турулса;

Кыскасы, Жарлык ишибизди жандантты. Биздин мектеп Жайыл Баатырдын ысымын сыймыктануу менен алып жүргөн соң, бул багытта атайын иш-чаралар белгиленген.

Жайыл Баатыр XVIII кылымда:

«Кылымдан кылым өтөөр,
Кайчылаш мезгилге жетээр.
Жетинчи муунга өткөндө,
Бизди ошондо урпактар эстээр» дегени тарыхый булактарда жашап келет.

Демек, тарыхыбыз терең, маданиятыбыз кенен элбиз. Унутулбайт улуулардын белеги, урпактарга мурас кылып берели – дейт, 41 жыл педагогикалык тармакта, анын 34 жылын мектеп жетекчилиги багытында иштеп келе жаткан тажрыйбалуу мектеп директору Абдулазис Казакович.

## Системалуулуктан сапаттуулукка

Мектепте өтүлгөн иш-чаралар системалуу жана сапаттуу болушуна басым жасалат. Алар кандайдыр бир ой борборуна багытталып, тыянактуу натыйжага бириктирилет.

Системалуулугу – ар бир өтүлгөн иш-чара өз алдынча оригиналдуулугун сактап, мурункусун толуктап, кийинкиге жол ачып, логикалык ырааттуулукту туюнтат.

Сапаттуулугу – ойду толук чагылдырылып, жан дүйнөгө коргошундай уюп, сезим сергитип, жүрөк эргитип, аң сезимге тундурулуп түрмөктөлөт. Дал ушул ой борборлоруна түнөтүлгөн иш-чараларды мугалимдер окуучулар менен талкуулашат.

- Тарых жана маданият жылына карата окуучуларга илимий иштерди жаздыруу;

- Архитектуралык эстеликтер тууралуу документалдуу тасма тартуу. Маселен; Бурана мунарасы, Таш-Рабат, Кошой-Коргон ж.б.

- Райондук «Жайыл Баатыр» коому менен биргеликте тарыхый музейлерге саякат уюштуруу.

- Мектеп Жайыл Баатырдын ысмын алып жүргөн соң, бул багытта уюштурулган бурчтарды, кааналарды толуктоо.

- Ырас, Жайыл Баатыр окуу программасында жок. Бирок анын тарыхын үйрөтүү жана үйрөнүү ар бирибиздин атуулдук парзыбыз, - дешет кеңешмеде кеп козгошкон мугалимдер.

**Ибраим ЧОТОВ,**
**КРнын Билим берүүсүнүн отличниги,**
**«КБнын» өз кабарчысы.**



*Сүрөттө: (солдон – оңго) өзүн-өзү башкаруу уюмунун премьер-министри Акылбекова Диана, тарых мугалими Мааткеримова Гүлкайыр, тарбия иштеринин уюштуруучусу Эралиева Гулнара, окуу бөлүмүнүн башчысы Мырсыраимова Чынара жана өзүн-өзү башкаруу уюмунун президенти Урманбетова Гульнур кезектеги кеңешмеде иш-чараларды белгилешүүдө.*

# ТАГДЫРЫН ПЕДАГОГИКАГА БАЙЛАГАН ОКУМУШТУУ

**Кыргызстанда эле эмес шериктеш мамлекеттерде, ал турсун ыраакы чет мамлекеттерде да чыгаан педагог катары таанымал, азыркы күндө Кыргыз-Түрк "Манас" университетинде эмгектенип жаткан урматтуу эжебиз педагогика илимдеринин доктору, профессор, Эл аралык педагогика жана коомдук илимдер академиясынын анык мүчөсү АСИПОВА Нурбүбү 70 жашка чыкты.**



Нурбүбү эжебиз билим жолун Кочкор районундагы ВЛКСМдын 40 жылдыгы атындагы мектептен баштап, кийин Фрунзедеги ачылган №1 мектеп интернаттан окуусун улантып, 1969-жылы мектепти ийгиликтүү бүтүрөт.

Кыргыз элинде «ата балага сынчы» деген макал бар. Айткандай эле Асанаалы ата да кызынын келечегинен көптү үмүттөнүп, айыл мектебинде окуп орусчадан кемчилик болуп калбасын, шаарда кантсе да баламдын мүмкүнчүлүгүнүн ачылышына кенен шарт бар го деген ойдо кызын жетелеп келип, интернатка киргизет. Атанын үмүтүн актап, Нурбүбү эжебиз мектепти аяктаары менен Кыргыз мамлекеттик университетинин чет тилдер факультетин тандап, ага өтүп кетет. Окуусун аяктагандан соң Балыкчы шаарындагы №4 орто мектепте англис тили мугалими болуп бир аз эмгектенген соң, кайрадан университетине кайтып келип, педагогика жана психология кафедрасында лаборант болуп иштөө менен кафедрадан саат алып, студенттерге бир аз сабак бере баштайт.

Нак ушул 1970-1972-жылдар Нурбүбү Асаналиевнанын өмүрүндөгү бурулуш жылдар болот. Ал өзүнүн тагдырын педагогикалык илим-билим менен биротоло байланыштырууну чечип, 1976-жылы Кыргыз педагогика жана илим-изилдөө институтунун астындагы аспирантурага кирип, 1980-жылы жалпы педагогика адистиги боюнча «Бир канча тилдерде билим берген мектептерде интернационалдык жана нравалык тарбиялардын өз ара карым-катнашы» деген темада кандидаттык изилдөөсүн жазып бүтүрүп, аны ийгиликтүү коргойт.

Илимдин татаал жолу, анын түмөн түйшүгү, ошол эле учурда өзү иликтеген маселелердин натыйжаларынан алган моралдык канааттануулар жаш окумуштуунун илим жолундагы жаңы чектерге болгон умтулуусун арттырат. Кыргыз улуттук университетинин педагогика кафедрасында эмгектенүү менен илимий изилдөө ишин токтотпостон, тынбастан изденип, иштөөсүн улантат. Улам изилдөө маселесинин масштабын арттырып, изилдөөсүнүн жыйынтыгында 1998-жылы Алматы шаарында «Окуучулардын улуттар аралык баарлашуусунун илимий-педагогикалык негизин калыптандыруу» деген темадагы докторлук диссертациясын ийгиликтүү коргоп, жалпы педагогика боюнча педагогика илиминин доктору илимий даражасына ээ болот. Албетте, үч баланын энеси, Салмоор Асиповго окшогон мамлекеттик кызматкер жолдошунун сүйүктүү жары, карым-катнаштуу бир чоң үйдүн кожойкеси болуу менен илимде да ат салышып, жаш муунду педагогдук ардактуу кесипке окутуп, тарбиялоо оңой-олтоң иш эмес. Мунун жанында аткарган коомдук иштер, кафедраны башкаруу, КР Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан тынбай берилген тапшырмалар, айтор, санай берсек эженин түйшүк жүгү ат көтөргүс. Эже баардыгына жетишти, кандай гана жүк, тапшырма аркалабасын кабагым-кашым дебеди. Баардыгына адал эмгеги, аракетчилдиги, бийик адамгерчилиги менен жетти. Илимге жана билимге кошкон омоктуу салымы үчүн 1999-жылы профессорлук наам алды. 2000-жылы Москвадагы Эл аралык педагогика жана социалдык илимдер академиясынын анык мүчөсү-академик наамын алды.

Нурбүбү Асаналиевнанын өмүрлүк жолуна бүгүн сереп салсак 45 жылдан бери билим берүү тармагында тынбай иштеп келе жатат, анын 41 жылын ЖОЖдордо үзгүлтүксүз окутуучу, ага окутуучу, доцент, профессор, кафедра башчысы болуп жемиштүү иштеп келүүдө. Азыркы учурда Кыргыз-Түрк «Манас» университетинде профессор.

Окумуштуунун бир көрсөткүчү, бир жагынан ал анын илимий эмгектери болсо, экинчиси, анын даярдап, жетиштирген илимий-педагогикалык кадрлары. Нурбүбү эженин аталган эки көрсөткүч боюнча да жемиштүү эмгектенгендигин эске сала кеткенибиз оң болор. Азыркы күндө 160тан ашык илимий макала, эмгектердин автору: алар эки монография, төрт окуу китеби, алты окуу куралы, бир окуу программа. Ал эми Н.Асипованын илимий жетекчилиги менен илимдин 16 кандидаты, бир доктор, 14 магистри илимий эмгектерин ийгиликтүү коргошуп, бүгүнкү күндө Кыргызстанда жана чет мамлекеттерде үзүрлүү эмгектенип жатышканы, эжебиздин өзүнүн илимий мектеби бар чоң окумуштуу болуп турганынан кабар берет. Жакында эле Россиянын Табигый илимдер коомдук академиясы Н.А. Асиповага «Илимий мектептин негиздөөчүсү» (2015) деген сыйлыкты ыйгаруусу - аталган пикирибиздин айкын күбөсү. Аталган академия ошондой эле эжеге Ардак грамота да тапшырышып, чоң урмат көрсөтүшкөн. Н.Асипова Кыргыз Республикасынын педагогика илимин дүйнөлүк деңгээлде тааныта алган илимпоздордун бири экендигин анын 2007-2009-жылдары НАТОнун гуманитардык өнүгүү программасы алкагында КМШ өлкөлөрү боюнча эл аралык көз карандысыз эксперт катары тандалып, серепчилик милдетти жоопкерчилик менен аткаргандыгы да тастыктайт. Ал эми Эл аралык Фулбрайт программасынын жеңүүчүсү катары Американын Огайо штатындагы Кент Сейт университетинде чакырылган профессор катары иштеп келиши эженин профессионалдык компетенттүүлүгүнөн кабар берип, окумуштуу педагогдун образына маанилүү сүртүм кошуп турбайбы. Чет мамлекеттерден алган тажрыйбасын Кыргызстандагы педагогика илимин жаңы баскычка көтөрүүдө ийкемдүү колдонуу менен республикада бул багыттагы иштерге илимий-практикалык жаңылыктарды киргизүүдө көп эмгек жумшагандыгын замандаштары, кесиптештери жакшы билебиз. "Сөз келгенде айтпаса, сөздүн атасы өлөт", - дешет элибиз. Ушундай улуу адам, окумуштуу, сөздүн толук маанисиндеги педагог эжебиздин КР Өкмөтүнөн алган сыйлыктары болгону КР Билим берүү жана илим министрлигинин Ардак грамотасы жана КР Билим берүүсүнүн отличниги экен, аттиң…

Н.А.Асипова - жаштардын насаатчысы, студенттердин сүйүктүү эжеси, энеси. Республикалык, чет мамлекеттердеги эл аралык деңгээлдеги педагогика боюнча өткөн илимий конференциялардын катышуучусу, уюштуруучусу, демилгечиси. Кесиптештеринин кеңешчиси, жолдошу, айжаркын эжеси. Эжеге тапшырылган иш ар дайым жогорку деңгээлде аткарылат. Ишеничтүү жолдош, өзүнүн турмуштук принциби, кредосу бар күчтүү личность. Айтор, эжени кандай мактаса да жарашып турат. Үч баланы тарбиялап уядан учуруп, бүгүн төрт неберени сүйүп олтурган бактылуу чоң эне, Салмоор жезденин ак байбичеси.

Сизге бардыгы бүгүн жарашып турат, ардактуу айымыбыз Нурбүбү Асаналиевна! Өмүр сапарыңыз узак жана бай болсун!

**Лайли ҮКҮБАЕВА,**
**филология илимдеринин доктору,**
**профессор.**